# Аялдардын укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү – жалпыбыз үчүн жакшы

## Гендерлик изилдөө, жашоо-тиричилик жана социалдык-экономикалык изилдөө

## Кыргызстан

Базистик отчет



EWA Empower Women Benefit for All

Women in Europe for a Common Future | WECF

**Жарыялаган**

**© 2014 WECF**

# Кыргызстан

## Гендерлик изилдөө, жашоо-тиричилик жана социалдык-экономикалык изилдөө

**Автордук укук ээси:** WECF 2014

**Бул басылманын бөлүктөрүн булакка шилтеме жасоо менен көчүрмөлөгөнгө жол берилет.**

**Иштеп чыкандар:** Клаудия Вендланд, Юлия Фруман, Айжамал Бакашова, Зульфия Көчөрбаева, Тынар Мусабаев, Махарам Тилавалдиева, Анара Чойтонбаева

Башка булагы көрсөтүлбөгөн бардык чиймелерди жана таблицаларды авторлор иштеп чыккан.

Башка булагы көрсөтүлбөгөн фотолорду редакторлор тарткан.

**Долбоордун өнөктөштөрү:**

**Социалдык технологиялар агенттиги (СТА)**

**«АЛГА»**

**Борбордук Азия Суу Альянсы (БАСА)**

**Суу ресурстары жана санитария боюнча Кыргыз Альянсы (ССКА)**

**«Мехр Шавкат»**

Бул долбоорду Нидерландиянын Тышкы иштер министрлиги каржылайт

Ministry of Foreign Affairs of the Netherlands

www.wecf.eu

WECF – Европа аялдары жалпы келечек үчүн

Нидерландия/ Франция / Германия

**WECF Нидерландия**

Korte Elisabethstraat 6, 3511
JG, Utrecht
Netherlands
Tel.: +31 - 30 - 23 10 300
Fax: +31 - 30 - 23 40 878

**WECF Франция**

BP 100
74103 AnnemasseCedex
France
Tel.: +33 - 450 - 49 97 38
Fax: +33 - 450 - 49 97 38

**WECF Германия**

St. Jakobs-Platz 10
D - 80331 Munich
Germany
Tel.: +49 - 89 - 23 23 938 – 0
Fax: +49 - 89 - 23 23 938 - 11

# Мазмуну

Кыскартуулар тизмеси ........ 1

1. Киришүү........ 3
1.1 Бул изилдөөнүн максаттары ........ 3
1.2 Кыргызстандын айыл жериндеги кырдаал........ 3
1.3 Аялдар жагдайы........ 4
1.4 Долбоорго катышкан топ жана айылдар ........ 5

2. Методология ........ 7
2.1 Анкета ........ 8
2.2. Фокустук топтордогу талкуу ........ 8

3. Алынган маалыматтар........ 9
3.1 Калктын мүнөздөмөлөрү........ 9
3.2 Гендер жана чечимдердин кабыл алынышы........ 10
3.2.1 Гендер жана үй чарбалар деңгээлинде чечимдердин кабыл алынышы ........ 10
3.2.2 Гендер жана коомдоштуктар деңгээлинде чечимдердин кабыл алынышы ........ 11
3.3 Айыл чарба ........ 11
3.4 Киреше алуу ........ 14
3.5 Суу, санитария жана гигиена (ССГ) ........ 15
3.5.1 Суунун жеткиликтүүлүгү ........ 15
3.5.2 Суунун сапаты ........ 18
3.5.3 Санитария ........ 19
3.5.4 Гигиена........ 21

4. Корутунду ........ 22

## Кыскартуулар тизмеси

| | |
|---|---|
| EWA | Аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү – жалпыбыз үчүн жакшыl |
| БАСА | Борбордук Азия Суу Альянсы (НПО) |
| КТСКБ | Коомдоштуктар деңгээлинде таза сууну керектөөчүлөр бирикмеси |
| ФТТ | Фокус топтордогу талкуу |
| ССКА | Суу ресурстары жана санитария боюнча кыргыз альянсы (НПО) |
| СТА | Социалдык технологиялар агенттиги (НПО) |
| ССГ | Суу, санитария жана гигиена |
| UDDT | Кургак, өзүнчө турган ажаткана |
| VIP | Короодогу желдеткичтүү, жакшыртылган ажаткана |
| WECF | Европа аялдары келечек үчүн |

# 1. Киришүү

## 1.1 Бул изилдөөнүн максаттары

Кыргызстандагы жашоонун камсыздалуу жагдайын биргелешип изилдеген бул иш «Аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү – жалпыбыз үчүн жакшы» (EWA) долбоорунун бир бөлүгү болуп саналат. EWA – бул алты өлкөгө (Ооганстан, Грузия, Кыргызстан, Түштүк Африка, Тажикстан жана Уганда), жүз коомдоштукка жана кеминде 50 000 аял менен эркекке багытталган төрт жылдык программа. Бул программа аялдардын саясий жана экономикалык укуктарын коргоону көздөйт. Максаттык коомдоштуктардагы аялдардын расмий экономикага катышуусун арттырууга, бул аркылуу алардын кирешесин өстүрүүгө, ошондой эле каржылык көз карандысыздыгын бекемдөөгө багытталат. Мындан тышкары, EWA аялдардын турмуштагы негизги каражаттарга жетүүсүн камсыздоого умтулат. Энергетика, суу менен камсыздоо жана санитария сыяктуу негизги инфратүзүмдүн жакшыртылышы аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө өбөлгө түзүшү керек.

EWA саясий нукта да иш жүргүзөт. Долбоордун максатына камтылган башка өлкөлөрдөй эле, Кыргызстанда укуктук жана гендерлик теңчилик жаатындагы мамилелерде бир кыйла мүчүлүштүктөр бар. Бул кенемтелер айрыкча айыл жерлеринде көзгө урунат. Аялдардын коомдогу салттуу ордуна байланыштуу да каржылык көз карандысыздыгын камсыздагыдай иштер үчүн өздөрүнүн убактысы болбойт. Демейде аялдардын өздүк менчиги болбойт, алар айрыкча өндүрүш каражаттарын көзөмөлдөй албайт жана өздөрүнө таандык үлүшкө ээ эмес. Башынан ушундай болуп келгендиктен, алардын кесипкөй көндүмдөрү да калыптанбаган, акчаны да өз алдынча иштете албайт, чечим кабыл алууга акысы жок. Аялдардын экономикалык жана саясий мүмкүнчүлүктөрүн айкалыштырса, гендерлик теңсиздикти азайтууга, бул аркылуу максаттык коомдоштуктарда жакырчылык деңгээлин төмөндөтүүгө мүмкүнчүлүк түзүлөр эле.

Бул изилдөөнүн бир нече максаты бар: EWA долбоору үчүн базистик анализ жасоо; максаттык коомдоштуктардагы жагдай жөнүндө маалымдуулукту арттыруу. Жашоо-тиричиликти биргелешип талдоонун конкреттүү максаттары:

1. Долбоор жаатында баштапкы кырдаалды түзүү.

2. Долбоорду максаттык коомдоштуктарга жайылтуу стратегиясын сынап көрүү.

3. Жардам алуучулар арасында аялдардын жашоо-тиричилиги жана гендерлик кырдаал жөнүндө, ошондой эле муктаждыктар жана аларды канааттандыруу жагынан долбоордун мааниси тууралуу маалымдуулукту арттыруу.

Биринчи кезекте бул отчетто Кыргызстандын айыл жерлериндеги социалдык-экономикалык кырдаалга көңүл бөлүнөт.

## 1.2 Кыргызстандын айыл жерлериндеги кырдаал

Кыргызстан – тоолуу өлкө. Тоолор Кыргызстанда ландшафтты мүнөздөп, айрыкча айылдардагы калктын экономикалык жана жашоо-тиричилик шартын аныктайт.

Бүгүнкү күндө Кыргызстандын калкынын саны 6 млн.го жакындап калды. Шаардыктар жалпы калктын 34,1 %ын түзүп, көпчүлүгү Бишкекте турат. Калктын калган бөлүгү – мал багып көчүп-конуп жүргөн айылдыктар. Мунун себеби кыргыздар эзелтен көчмөн эл болуп, улам бир аймакка көчүп жашап келгендигине байланышкан. Калкы илгертен бери мал багып, дыйканчылык кылып жашагандыктан, Кыргызстанды индустриалдыкка караганда агрардык өлкө, аймагы тоолуу, айылдар көп десе жакшыраак жарашат.

Кыргызстан түндүк жана түштүк болуп негизги эки чоң аймакка бөлүнөт: чындыгында түндүк-чыгыш жана түштүк-батыш тарабы Ферґананын Тянь-Шань мөңгүлүү тоо кыркалары менен бөлүнүп турат. Бул эки аймактын ортосунда катташуу кыйын. Булардын ортосунда, айрыкча айыл жерлеринде окшоштуктар көп, бирок социалдык-экономикалык айырмачылыктар да бар.

Кыргызстанда айылдагы жашоо шартын негизинен начар деп баалоого болот. Отун тартыш, электр жарыгы жетпеген, санитардык талаптарды сактоо кыйын, таза суунун сапаты начар, тамак-аш жетишсиз

жерлер бар. Таза суунун жана санитардык-гигиеналык каражаттардын жетишсиздигинен, ошондой эле гигиеналык практиканын канааттандыраарлык эместигинен улам, айылдыктардын ден соолугу да ойдогудай жакшы болбойт.

Советтер Союзу кыйраганга чейин айыл тургундарынын 72 %ы суу менен камсыз болуп келген эле. Колхоз, совхоздор таратылган соң кырдаал кескин түрдө начарлап кетти. Суу менен камсыздоо тутумдарынын көпчүлүгү эксплуатациялык каражаттардын жоктугунан жана өз маалында техникалык тейленип турбагандыктан керектен чыкты. Натыйжада айыл жерлеринде түтүк менен жеткирилүүчү суу аз керектеле баштады. Айылдарда таза суу негизинен жер астынан сордуруп алынат (ичүүгө жана тиричиликте пайдаланылуучу жалпы суунун 80 %ы). Суу менен камсыздоонун борборлоштурулган тутумдарынын 40 %дан ашуун бөлүгү жарабай калгандыктан, жаңыртуу зарыл. Чакан шаарлар менен аймактык борборлордун тең жарымынан көбүндө борборлоштурулган канализация тутуму же тазартуу курулмалары жок.  Борборлоштурулган канализация айылдарда да жок.

Кыргызстан – негизинен айыл чарба менен жашаган кедей өлкө. Көбүнчө пахта, тамеки, жүн жана эт өндүрүлөт. Бул өнүмдөрдүн ичинен тамеки менен пахта гана экспортко жумшалат. Экспортко өнөр жай өнүмдөрү, мунун ичинен алтын, сымап, уран, табигый газ жана электр энергиясы да чыгарылат. Экономика көбүнесе алтын экспортуна жана Россия Федерациясында иштеп жүргөн эмгек мигранттарынын жиберип турган акчасына көз каранды.

Азыркы кезде калктын жан башына эсептелген ИДП АКШнын 2400 долларын түзөт. Кыргыз экономикасы дүйнөлүк каржы каатчылыгынан жана анын айынан Казакстан менен Россия Федерациясынан эмгек мигранттарынын кайтып келишинен чоң зыянга учураган.

## 1.3 Аялдар жагдайы

Гендерлик теңчилик жөнүндө мыйзам бар экендигине, аялдардын укуктарын коргоого багытталган эл аралык негизги документтердин ратификациялангандыгына, ошондой эле аялдардын укуктарын коргоого багытталган бир катар мамлекеттик программалардын жүзөгө ашырылып жаткандыгына карабастан, аялдардын абалы мурдагыдай эле кыйын бойдон калууда. 2007-жылы Кыргыз Республикасынын Президенти «Кыргыз Республикасында 2007-2010-жылдарда гендерлик теңчиликке жетишүү боюнча улуттук план жөнүндө» Жарлыкка кол койгон.

Аялдар арасындагы жумушсуздук деңгээли эркектерге салыштырмалуу 20 %га жогору, эркектер менен аялдарын эмгек акысындагы айырма чоңоюп баратат (36,4 %га жетти). Энелер менен наристелердин өлүмдүүлүгү Кыргызстанда жалпы европалык эң жогорку көрсөткүчтөргө туура келет (энелердин өлүмдүүлүк деңгээли 2000-жылдан 2010-жылга чейинки мезгилде 100 000 тирүү төрөлгөн наристеге 45,5тен 63,5ке чейин көтөрүлдү). Ар экинчи кош бойлуу аял аз кандуулуктан жабыркайт, өлгөн энелердин 80 %дан ашуун бөлүгү – айылдыктар. Кыргызстанда гендерлик теңчиликке тиешелүү ар түрдүү маселелер жана тоскоолдуктар бар экендигине карабастан, жогоруда аталган максаттарда анча-мынча өсүшкө жетишилди. Мисалы, бул өлкө гендерлик теңчиликти жакшыртууга багытталган эң орчундуу эл аралык документтердин бири болгон Пекин декларациясына ылайык өзүнө алган милдеттенмелерди аткаруу жагынан олуттуу кадамдарды жасап келет.

OECD маалыматтарына ылайык, аялдардын укуктары корголуп жаткандыгына карабастан, зордукка кабылгандары көбөйүүдө. Аялдар психологиялык кысымга да кабылууда. Коомдогу маданий салттар жана мыйзам колдонууга жооптуу бийликтегилердин мамилеси үй-бүлөдөгү зордук-зомбулук боюнча аялдардын даттануусуна кедерги болот. Жыл сайын үч миңден беш миңге чейинки аялдар үй-бүлөдөгү зомбулуктун айынан кризистик борборлорго кайрылышат. Жазык жоопкерчилиги каралган болсо да, мажбурлап нике кыюу же ала качуу адаты дагы эле тыйылган жок. Жакын туугандар кудалашкан учурлар да кездешет. Ата-энелер үйлөп койгон же никеге эрте тургузган учурлар да көп кездешет. Бириккен Улуттар Уюмунун отчетуна ылайык, 15-19 жаш курагындагы кыздардын он бир пайызга жакын бөлүгүнүн никеси кыйылган.

Кыргызстандын мыйзамдары аялдардын каржылык көз карандысыздыгы менен жерди менчиктөө укугун коргосо да, иш жүзүндө бул мыйзамдар чектелүү даражада жүзөгө ашырылууда. Юридикалык жактан аялдар банктан насыя жана чакан насыя алууга укуктуу болсо да, «жетиштүү кепилдик бере албайт» деп, аларга насыя берилбей калышы ыктымал. Кыргыз Республикасындагы жумушсуздуктун жалпы деңгээли жогору, бирок аялдар арасында бул көрсөткүч эркектерге салыштырмалуу кыйла чоң

(тийиштүү түрдө 16,2 жана 13,6 %). Аялдар көбүнчө билим берүү, саламаттык сактоо, жеңил өнөр жай жана чакан бизнес сыяктуу кирешеси аз секторлордо эмгектенет, ал эми эркектер демейде жетекчи кызматтарды аркалайт. Эркектердин көбү Казакстан менен Россияга иштегени кеткендиктен, аялдар үй чарбасын тейлейт. Аялдар киреше алып келүүчү жумуш же айыл чарба иштери менен кошо үй тиричилигиндеги тамак бышыруу, шыпырып-тазалоо, балдар менен карыларды багып-кароо, отун алып от жагуу сыяктуу түйшүктөрдү да көтөрөт. Салтуу көз караштар боюнча аялдар эркектерге баш ийип, үй тиричилигин аркалашы керек деп эсептелет. Мунун айынан аялдардын билим алышына, жумушка орношуусуна, үй-бүлөдө жана коомдоштукта чечим кабыл алууга катышуусуна тоскоолдук жаралат. Анын үстүнө, жакырчылыктын аялдарга көбүрөөк мүнөздүү болуп бараткандыгы да – өлкөдөгү олуттуу маселе.

## 1.4 Долбоорго катышкан топтор жана айылдар

EWAнын Кыргызстандагы максаттык топтору республиканын түндүгүндөгү (Ысык-Көл жана Чүй облустары) жана түштүгүндөгү (Ош облусу) айыл жерлеринде жашаган аялдардын турат. Түштүктөгү максаттык топко 2010-жылдагы чыр-чатактардан жабыркаганар да камтылган.

Бул долбоордун максаттык айылдары:

Чүй облусу: Дөң-Арык, Калыгул, Красная Речка, Новопокровка, Нурмамбет, Романовка, Первомайск, Интернациональное, Шопоков, ошондой эле Кант шаары.

Ысык-Көл облусу: Ак-Өлөң жана Бөкөмбаев.

Ош облусу: Ылай-Талаа, Найман, Алыш-Башы, Бирлик, Керме-Тоо, Чек-Абад, Жаркыштак, Араван, Сай жана Интернационал.

**Ош облусундагы максаттык айылдар жөнүндө**

Бул айылдардын калкы жайкысын айыл чарбасы, кышында мал мал багуу менен тиричилик кылат. Ар улуттун өкүлдөрү жашайт. Бул айылдардын баарында жашоо деңгээли төмөн, адамдар айыл чарба жана малчылык технологияларын колдоно билбейт. Анын үстүнө инфратүзүм да начар, таза суу жана сугат суу жетишсиз. Мисалы, Найман жана Ылай-Талаа айылдарында таза суу жок болгондуктан, эл сугат каналдарынан агып жаткан киргилт сууну ичишет. Мунун айынан балдар жугуштуу ооруларга көп чалдыгышы мүмкүн.

Жер тартыш, айыл чарба өндүрүшү начар, продукцияны базарга жеткирүү ырааты бузулган, базарларга баруу кыйын болгондуктан, бул жактагы коомдоштуктар кирешени арбын таба албайт. Айылдарда каржы жагынан да кыйналышат: талаачылык иштери башталган мезгилде дыйкандардын көбү зарыл материал, үрөөн, жер семирткич жана отун сатып алууга акча таппай калышат. Алар ири ишканалардан жана институттардан насыя ала албайт, анткени алар кепилдик талап кылышат. Ушул социалдык-экономикалык маселелер коомдоштуктарда чыңалууну жаратат. Атап айтканда, ресурс тартыштыгынан атаандаштык курчуганда, базар бийлиги бир ууч адамдардын колунда топтолгон же монополияланган жагдайларда ушундай болот.

Бул айылдар анын үстүнө чегарага жакын жайгашкан, ифратүзүмү кароосуз калган. Киреше тапкыдай иштин жоктугунан миграция агымы күч. Андыктан мал багуу, балдарды тарбиялоо жана үйдөгү иштердин баары аялдардын мойнуна түшөт.

Көп коомдоштуктар радикал исламдын таасирине кабылууда, бул аялдардын жашоо жана билим деңгээлин гана начарлатпастан, коомдогу макамын да ого бетер төмөндөтөт.




*1-сүрөт: Кыргызстандын картасы (долбоордун максаттык райондору белгиленген)*

# 2. Методология

Бул изилдөө сапаттык жана сандык маалыматтарга негизделген. Сандык көрсөткүчтөр анкеталоо жолу менен чогултулду. Сапаттык маалыматтар коомдоштуктардын деңгээлинде фокус-топтук талкуулардын, ошондой эле жекече, жарым түзүмдөштүрүлгөн, расмий эмес маектердин жүрүшүндө алынды.

WECF жашоо-тиричилити сапаттык жана сандык талдоо үчүн методологияны иштеп чыкты, ал эми жергиликтүү өнөктөштөр – «АЛГА», БАСА жана «Мехр Шавкат» WECF колдонмосуна таянып, сурам жана ФТТ жүргүзүштү.

*1-таблица: Усулдардын жана иргөөнүн сереби*

| Өнөктөш | «АЛГА» | БАСА | «Мехр Шавкат» | Бардыгы |
|---|---|---|---|---|
| **Сандык көрсөткүчтөр** | | | | |
| Анкета | 93 суралуучу, төмөнкү айылдардан:<br>Чүй облусу: Дөң-Арык, Красная Речка, Новопокровка, Первомайск, Романовка жана Шопоков<br>Ысык-Көл облусу: Бөкөмбаев | 65 суралуучу, Ош облусунун Найман (Ноокат району) жана Ылай-Талаа (Каракулжа району) айылдарынан | 24 суралуучу, Ош облусунун Жаркыштак жана Сай айылдарынан | 182 суралуучу, (65 %ы – аялдар) 18ден 83 жашка чейин, орточо 42 жаштагы куракта |
| **Сапаттык маалыматтар** | | | | |
| Гендер жана жашоо-тиричилик маселелери боюнча ФТТ | 3 ФТТ: Ак-Өлөң, Сокулук жана Нурмамбет айылдарында | | 3 ФТТ: Бирлик, Гүлбахор жана Чек-Абад айылдарында | 215 катышуучу (булардын 65 % ынан ашуун бөлүгү – аялдар) |
| Айыл чарба маселелери боюнча ФТТ | 1 ФТТ Калыгул айылында | | 3 ФТТ: Бирлик, Гүлбахор жана Чек-Абад айылдарында | |
| ССГ маселелери боюнча ФТТ | 1 ФТТ Интернациональное айылында | 2 ФТТ: Ылай-Талаа жана Найман айылдарында | | |



Араван айылындагы базистик изилдөө, Ош

## 2.1 Анкета

Сандык изилдөө боюнча сурам 11 айылда жүргүзүлдү (Бөкөмбаев, Дөң-Арык, Новопокровка, Первомайск, Красная Речка, Романовка, Шопоков, Сай, Ылай-Талаа, Жаркыштак, Найман). Суралуучулар туш келгени иргелип, кээде жакынкы айылдардан да тандалды. Ар бир айылда кеминде 24 кишиден анкета толтуртуп алынды.

Анкета 36 суроодон түзүлгөн эле: 12си – социалдык-экономикалык жагдай жөнүндө; 7си – азык-түлүк коопсуздугу жөнүндө; 6сы – суу жөнүндө; 4өө - санитария жөнүндө, 3өө - гигиена жана 4 суроо – энергия боюнча (энергия бул изилдөөнүн предмети эмес болсо да, башка маселелерди чагылдыруу үчүн тандалды).

## 2.2. Фокустук топтордогу талкуу

Фокус-топ – бул тажрыйбалуу млып баруучунун жардамы менен ачык талкуу жүргүзүлө турган чакан топ. Мындагы талкуу алдын ала аныкталган маселелер топтомунун тегерегинде жүрөт. Фокус-топтогу талкуу (ФТТ) суроо-жооп түрүндөгү пикир алмашууга караганда чоңураак болот. Бул талкууда сандык көрсөткүчтөр көбүрөөк мааниге ээ. Топтун мүчөлөрү берилген теманы алып баруучунун жардамы менен ачык-айрым маанайда талкуулашат. Топ 6-12 кишиден турат да, ага ар кайсы курактагы эркектер да, аялдар да кирет. Алып баруучу топтун бардык мүчөлөрүнүн өз пикирин айтууга мүмкүнчүлүгү бар экендигин жана эч ким сөзгө аралашпай четте калбастыгын анык билиши керек. Мунун максаты – анкетанын сандык көрсөткүчтөрүн толуктагыдай маалыматтарды толугу менен алуу.

Өнөктөштөр төмөнкү темалар боюнча ар түрдүү ФТТ өткөрүштү: гендер жана жашоо-тиричилик, айыл чарба жана ССГ.

Анкеталоого жана ФТТга катышуучу адамдар ар түрдүүчө иргелди. 1-таблицада канча ФТТ жана кайсы өнөктөш кайсы айылдарда өткөргөндүгү чагылдырылды.

Жергиликтүү өнөктөштөр алдын ала даярдалган суроолорду жана ФТТ өткөрүү боюнча өз усулдарын колдонушту. «АЛГА» БӨУсу жетектеген ФТТ өз-өзүнчө жана биргелешкен топтордо өткөрүлдү: айрым суроолор өзүнчө топтордо талкууланып, бирок талкуу жыйынтыктары биргелешкен топтордо тааныштырылды. Ошентип, катышуучулар талкуу жана катышуу учурунда маанилүү болгон бейтараптыгын сактай алышты. БАСА ФТТ жүргүзгөндө гендерлик түшүнүктөрдү, жыныс концепциясын, аял менен эркектин теңдигин, гендерлик мамилелер менен гендерлик ролдорду суралуучулардын кандай түшүнөрүн текшерүү максатында оюндар жана сурам аркылуу изилдөө үчүн гендерлик стереотиптерге негизделген практикалык интерактивдүү көнүгүүлөр түрмөгүн колдонду.



*Ысык-Көл облусунун ФТТга катышкан аялдары*

# 3. Алынган маалыматтар

Бул бапта «АЛГА», БАСА, «Мехр Шавкат» жана WECF жүргүзгөн изилдөөнүн натыйжалары келтирилди. Бул натыйжалар төмөндөгүдөй категорияларга бөлүндү: гендер, киреше алуу, айыл чарба, ошондой эле жашоо-тиричиликтин жакшыргандыгынын көрсөткүчтөрү катары кабылдануучу жагдайлар.

## 3.1 Калктын мүнөздөмөлөрү

Анкетанын айрым демографиялык көрсөткүчтөрү (182 суралуучу) төмөнкү таблицада келтирилди:

*2-таблица: Айылдардагы демография*

| | Үй чарба өлчөмү | Кыздардын саны | Эркек балдардын саны | Эң улуу баланын курагы | Эң кичүү баланын курагы | Катышуучунун курагы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **Орточо** | 5.0 | 1.7 | 1.9 | 18.1 | 9.6 | 41.6 |
| **Эң кичине** | 1 | 0 | 1 | 1 | 1 | 18 |
| **Эң чоң** | 9 | 4 | 6 | 41* | 30* | 83 |

* Бул маалыматтар «бала» деген сөздүн жалпы түшүнүлүшү менен дал келбейт

Жогорудагы таблицада үй чарбалардын орточо, эң чоң жана эң кичине өлчөмү, балдардын жынысы, жаш курагы жана катышуучулардын курагы жөнүндө маалымат келтирилди. Балдардын жаш курагы бир жаштан кырк бир жашка чейин.

Сурамга катышкандардан: алты киши ажырашкан, 147си никеде турат, дагы алтоо убактылуу бөлөк жашайт, бешөө – жалгыз, он төртү – жесир. Убактылуу бөлөк жашагандардын баары – аялдар. Жалгыздардын экөө – аял, төртөө – эркек. Жубайы өлгөн 14 кишинин экөө – эркек, он экиси – аял. Төрт кишинин (бир эркек, үч аял) үй-бүлөлүк абалы боюнча маалымат жок.

Үй-бүлө өлчөмдөрүнүн түркүмдөлүшү (жубайлардын бирин же экөөн тең жана балдарды кошо эсептегенде) төмөнкү таблицада келтирилди:

*3-таблица: Үй-бүлө өлчөмү*

| Үй-бүлө өлчөмү | Үй-бүлөлөрдүн саны |
|---|---|
| 1 | 7 |
| 2 | 10 |
| 3 | 15 |
| 4 | 41 |
| 5 | 42 |
| 6 | 41 |
| 7 | 14 |
| 8 | 9 |
| 9 | 3 |
| **Бардыгы: 182** | **Орточо: 5** |

Үй-бүлөнүн орточо өлчөмү – беш киши. Эң көп кездешүүчү өлчөмү – беш киши, эң аз кездешкени – тогуз киши.

182 суралуучудан 177си кандайдыр бир даражадагы билимдүү, көпчүлүгү – орто билимдүү. 38 % жана 10 %ы тийиштүү түрдө жогорку жана университеттик билимим бар деп жооп беришти. 11 %ы гана башталгыч жана андан төмөн билимибиз бар деп же эч кандай жооп берген эмес.

Ошентип, суралгандардын демографиялык көрсөткүчтөрү ар түрдүү, мунун өзү калктын ар кылкалыгынан кабар берет.

## 3.2 Гендер жана чечимдердин кабыл алынышы

### 3.2.1 Гендер жана үй чарбалар деңгээлиндеги чечимдердин кабыл алынышы

Сандык көрсөткүчтөрдөн байкалгандай, адатта дыйканчылык иштери, алынган түшүмдү сатуу сыяктуу айыл чарба маселелери боюнча чечимдерди күйөөлөр кабыл алышат жана үйдөн тышкарыда иштешет. Үй чарбалардын көпчүлүгүндө азык-түлүк сатып алуу, медициналык жардамга тиешелүү маселелерди негизинен аялдар чечет. Гендер жана чечимдердин кабыл алынышы боюнча көрсөткүчтөр төмөнкү таблицада келтирилди.

*5-таблица: Гендер жана чечимдердин кабыл алынышы*

| Чечим кабыл алуучу жак | Жерге эмне эгүү керектигин ким чечет | Түшүмдөн ашып калса, ким сатат | Үй чарбасында азык-түлүк сатып алууну ким чечет | Үйгө керектүү эмеректи жана шаймандарды сатып алууну ким чечет | Балдардын билим алышы жөнүндө ким чечим кабыл алат | Медициналык жардам алуу жөнүндө ким чечим кабыл алат | Коомдук иштерге катышууну ким чечет | Үйдөн тышкарыда иштөө жөнүндө ким чечим кабыл алат |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **Экөө тең** | 24% | 16% | 30% | 48% | 45% | 27% | 27% | 26% |
| **Кайната** | | | | 1% | | | | |
| **Күйөөсү** | 59% | 55% | 27% | 26% | 24% | 22% | 41% | 60% |
| **Ата-эне** | 5% | 4% | 4% | 3% | 3% | 6% | 1% | 2% |
| **Аялы** | 12% | 26% | 40% | 22% | 29% | 45% | 31% | 12% |
| **Бардыгы** | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% | 100% |

Күйөөлөр аялдары менен чогуу үйгө эмерек сатып алуу маселесин 45 % учурда, ал эми балдардын билим алышын 45 % учурда чечет. Бирок бир дагы категорияда экөөлөп чечим кабыл алгандар көпчүлүктү түзбөйт.

ФТТда айтылгандай, эркектер эмгекти бөлүштүрүү, колдо бар ресурстарды кантип пайдалануу, жерге эмне эгүү, малдын кайсы түрүн багуу маселелерин чечүүгө ыктап турушат. Эркектер айткандай, аялдар көбүнчө үй иштерине байланышкан чечимдерди кабыл алышат. Аялдар өздөрү да үй-бүлөнүн жайлуулугуна тиешелүү маселелерди чечебиз деп жооп беришти. «Дээрлик бардык үй-бүлөлөрдө эркектер маселе чечет. Аялдар эркин эмес, алар атүгүл бир жакка барып, бир нерсе сатып келүү үчүн да күйөөсүнөн уруксат сурайт», - деген ой да айтылды.

Чечим кабыл алуу жаатында эркектер менен аялдар эмнени өзгөрткүсү келет деген суроого эркектердин көпчүлүгү мындай жооп беришти: «Эч нерсени өзгөртүүнүн кереги жок, кандай жашоону жана кайсы эрежелерге таянууну ар бир үй-бүлө өзү чечиши керек». Эркектердин бири: «Аялдар ысырап кылышат, сарамжалдуу болушу керек», - деп кошумчалады. Катышуучулардын айрымдары эркек менен аял бири-бирин толуктап, өз үй-бүлөсүнүн жана коомдоштуктун турмушун жакшыртууга тийиш дешти.

Аялдар милдеттерибиз көп, күйөөлөрүбүз жардамдашса жакшы болмок дешет. Бир аял: «Эркектер аялга жана анын үй-бүлөдөгү ордуна болгон көз карашын өзгөртүп, аялдарга көбүрөөк кол кабыш кылса дурус болмок», - деди. Аялдар эркектердин көбүрөөк жоопкерчиликти аркалап, туруктуу эмгек акысы бар жумушта иштешин каалашат. Алар ошондой эле үй-бүлө бюджетин көзөмөлдөгүсү келет, анткени үй чарба үчүн өздөрү жооптуу.

### 3.2.2 Гендер жана коомдоштук деңгээлиндеги чечимдердин кабыл алынышы

Эркектер демейде коомдоштуктагы жооптуу кызматтарды ээлешет. Мисалы, депутаттардын 14 %ы гана аялдар. Демек, аялдарга байланышкан маселелерге көңүл бурулбайт. Муну Чүй облусунан катышкан бир аял баса белгиледи. Ал жергиликтүү саясатта аялдардын көйгөйлөрү көзгө илинбейт, анткени саясий кызматтарда эркектер үстөмдүк кылат деди. Атүгүл бала бакчанын жоктугу да аялдарга жасалуучу кысымды күчөтөт, анткени алар балдарды багып-кароого, үйдү жайлуу кармоого, ошондой эле киреше табууу, мунун ичинен айыл чарбасында иштөөгө да жооптуу.

Мындан тышкары, чүйлүк аял менчик укугу кыйла кылдат жүзөгө ашырылышы керек дейт. Ал: «Баары үй-бүлөдөгү салтка жана коомдогу салтка байланыштуу, - деди. – Менчик укугу эркектер үчүн ылайыкталган. Аял үй-бүлө мүчөсү катары жер тилкесине ээлик кылат, бирок расмий түрдө баары жашы жете элек бала же өспүрүм болсо да эркектин атына жазылат".

Изилдөөгө алынган айылдарда гендер жана чечимдердин кабыл алынышы боюнча пикирлер аз эле айырмаланса да, аялдар кабылып жүргөн маселелерди эркектер анча биле бербейт. Аялдар үй чарбага байланышкан иштерде көбүрөөк жардам алып, жумуш табуу жана мыйзамдуу укуктарын колдонуу жагынан өздөрүнүн абалын жакшырткысы келет.

## 3.3 Айыл чарба

Сандык изилдөөнүн натыйжалары көрсөткөндөй, үй чарбалардын басымдуу көпчүлүгү дыйканчылыкка каржыны өздөрүнүн үнөмдөгөн акчасынан жумшайт. Демек, алар дыйканчылык кылуу же малды көбөйтүү үчүн насыя же карыз алгандан көрө колдо бар акчаны үнөмдөөгө тырышат. Бул жагдай түндүккө да, түштүккө да тиешелүү. Суралгандардын үчтөн экиси айыл чарбасына банктан насыя алуу менен каржылайт, калгандары чет өлкөлөрдө жашаган үй-бүлө мүчөлөрү (негизинен, эмгек мигранттары) жиберген акчаны жумшайт. Кыргызстандын түштүгүндөгү сурамга катышкандардын дээрлик баары чет жакта иштеп жүргөн балдарынын акчасын пайдаланышат.

*5-таблица: Айыл чарба ишмердигин каржылоо булактары*

| Облус | Айыл | Банк | Чет өлкөдө жашаган үй-бүлө | Достор | Башка | Өздүк каражаттар / үнөмдөлгөн акча | БӨУ жардамы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөмбаев | 50% | 13% | | 13% | 50% | |
| Чүй | Дөң-Арык | 82% | | | | 86% | |
| Чүй | Новопокровка | 13% | 6% | | 19% | 94% | |
| Чүй | Красная Речка | 22% | | 6% | | 89% | |
| Чүй | Шопоков | 40% | | | 20% | 40% | |
| Чүй | Сай | | 54% | | | 100% | |
| Чүй | Ылай-Талаа | | 96% | | | 100% | |
| Чүй | Жаркыштак | | 42% | 38% | | 92% | 33% |
| Ош | Найман | 8% | 8% | | | 83% | |

ФТТ жыйынтыктарынан: Катышуучулар Ысык-Көл облусунда өстүрүүгө баарынан жакшысы буудай, арпа, беде жана өрүк дешти. Калыгул айылында (Чүй облусу) эң алгылыктуусу: буудай, арпа, кулпунай, картөшкө, жүгөрү, беде, кызылча, жашылча, сүт, эт, жумуртка. Чүйлүктөр фермерлердин жер иштетип, түшүм өндүрүп, жыйнап, кайра иштетип, даяр өнүмдү сатууга жетишип жатканын айтып, дыйканчылыктан жакшы киреше табууга болот дешти. Мындан тышкары, сүттү кайра иштетүү, кара мал, майда мал багуу (эт, тери, жүн өндүрүү үчүн), кайра иштетүүнүн башка түрлөрү, маселен, иштетүүдөн өткөрүлгөн жумуртканы, жашылчаны жана жемишти сатуу да айыл тургундары үчүн кирешелүү иштерден деп айтылды.

Түштүктө: Гүлбахор, Чек-Абад жана Бирлик айылдарында фермерлер кирешени арттыруу үчүн өз ара жардамдашып иш кылышат. Алар сатууну чогуу уюштурушат, маалымат жана тажрыйба алмашып турушат. Бул айылдардын жашоочулары түшүмдү биргелешип сатып, айыл чарба өнүмдөрүн өз ара алмашышат, башкаларга насыя беришет, техниканы чогуу пайдаланышат, билим алмашууга катышат.

Ресурстардын тартыштыгы айыл чарба ишмердигинен киреше алууга кыйла чоң кедерги болууда. Мындай тоскоолдуктардын айрымдары төмөнкү таблицада келтирилди.

*6-таблица: ФТТда айтылган айыл чарбадагы тоскоолдуктар*

| Облус | Ысык-Көл | Чүй | | Ош | |
|---|---|---|---|---|---|
| **Айыл / Район** | **Ак-Өлөң** | **Сокулук** | **Калыгул** | **Чек-Абад** | **Бирлик** |
| **Тоскоолдуктар** | | | | | |
| Үрөөндүн сапатынын начардыгы | | x | x | x | x |
| Жер семирткичтердин кымбаттыгы | x | | x | x | x |
| Сугат суунун жоктугу | x | x | x | x | x |
| Техника / технологиянын жоктугу | x | x | x | x | x |
| Бензин | | x | x | x | |
| Үрөөндүн кымбаттыгы | x | | x | x | |
| Түшүмдүн арзан сатып алынышы | x | | x | | |
| Мал сугарууга суунун жоктугу | x | x | | | |
| Каржы ресурстарынын жетишсиздиги | | x | x | | |
| Жайыттын жоктугу | x | | x | | |
| Мал чарбасын жакшыртуу усулдарынын жоктугу (мисалы, жасалма уруктандыруу кызматтары жок) | x | | x | | |
| Ветеринардык кызматтардын жоктугу | x | | x | | |
| Маркетинг жаатындагы кыйынчылыктар | x | x | | | |
| Кара малдын ылаңга чалдыгуусу | | | x | | |
| Жалданма кызматчылардын эмгек акысынын кымбаттыгы | | | x | | |
| Малчылардын эмгек акысынын кымбаттыгы | | | x | | |
| Тоюттун / чөптүн кымбаттыгы | | | x | | |
| Түшүм сактаганга кампанын / ташыганга унаанын жоктугу | | | x | | |
| Фермерлердин кызматташпагандыгы | | | x | | |
| Дыйканчылыкта аба ырайына көз карандылык | x | | | | |
| Стандартташтырылган усулдардын / ченемдердин жоктугу | | x | | | |
| Тоюттун начардыгы | x | | | | |
| Жолдордун начардыгы | | | | x | |
| Жердин арыктыгы / кыртыштын бузулуп бараткандыгы | x | | | | |
| Электр жарыгынын өчүрүлүшү | | | | x | |
| Өкмөттөн жардам берилбей жаткандыгы | | | | | x |

Мисалы, Ысык-Көл облусунда климат кургак, сугат суу тартыш. Табигый суулар аз. Сугат суунун жетишсиздиги бардык айылдардагы фермерлер үчүн олуттуу маселе болуп саналат. Натыйжада кыртыш жакырданып, фермерлер арасында суу талаштан чыр көп чыгып жатат. Түшүмдүн аздыгы кедейликке жана азык-түлүк каатчылыгына себеп болууда. Айрым айылдарда кыртыш кумай болгондуктан, дыйканчылыкка анча ыңгайлуу эмес.

Бардык айылдарда сугат суу жетишпейт, техника жана айыл чарба технологиясы жок. Фермерлер үчүн жабдуу-шаймандар, кампалар, жер семирткичтер жеткиликсиз. Сактап, кайра иштетүү мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, фермерлер өздөрүнүн өнүмүн алып сатарларга арзан баада сатууга аргасыз болушат, сатпайын десе ого бетер зыянга учурайт – алынган түшүмдөн кол жууйт. Мунун бир мисалы – Ысык-Көл облусунда өрүк сатуу. Жашоочулар товарын керектөөчүлөргө ташып жеткирүү мүмкүнчүлүгү жок болгондуктан, алып сатарларга өткөрүүгө мажбур болушат. Айыл чарба өнүмдөрүн жана дыйындар алган түшүмдү сатып алуучу ортомчулар жана компаниялар ортосунда атаандаштык өтө төмөн. Мындан тышкары, арзан белгиленип калган базар баалары фермерлердин жакшы киреше алышына тоскоол болууда. Жолдордун көбү начар, дыйкандар өз товарын сатыла турган жерге (Чүй облусуна) ташып жеткиргенге каражаты жок.

Катышуучулар айыл тургундарына 7 %дык коюмдуу насыя көбүрөөк берилиши керек дешет.

Чүй облусунан катышкандар бай жана кедей фермерлер ортосунда кызматташуу жоктугун да белгилешти. Мунун себеби, байлар кедейлерди жалкоо деп жаман көрөт, ал эми кедей фермерлер айылдагы бай фермерлерге көз каранды болгусу келбейт.

Анын үстүнө, жалпы билимдин жетишсиздиги да бар. Калыгул айылындагы (Чүй облусу) фермерлер бир нече жаатта билимге муктаж: өсүмдүктөрдү зыянкечтерден коргоо үчүн керектелүүчү заттарды билишпейт; аларга айыл чарба жана насыялар боюнча кеп-кеңеш берилбейт. Алардын төмөндөгүдөй багыттардагы билими да жетиштүү эмес:

1. Чүй облусундагы айыл чарбанын өзгөчөлүктөрү жөнүндө (бул аймакта кайсы өсүмдүктөрдү өстүргөн пайдалуу болору ж.б.у.с.).

2. Айыл чарба материалдары жөнүндө.

3. Айыл чарба өнүмдөрүнүн баасы боюнча божомол.

4. Айыл чарбадагы өндүрүш фондулары (үрөөн, отун, жер семирткич ж.б.у.с.)

5. Химикат, жер семирткич, үрөөн сатуучу компаниялар (сертификаты бар, сапатка кепилдик бере турган айыл чарба дүкөндөрү) жөнүндө.

6. Кайра иштетүү технологиясы жөнүндө.

7. Малчылык жана ветеринардык кызматтар жөнүндө.

8. Айыл чарба жаатында кеп-кеңеш берүү жана окутууну камсыздоо.

9. Айыл чарба өнүмдөрүн сатууга катыша турган соодо ортомчулары жөнүндө.

Ак-Өлөң айылынын жашоочулары (Ысык-Көл облусу) малдын тукумун жакшыртуу усулдарын, мисалы, жасалма уруктандыруу ыкмаларын жакшы билбейбиз дешет.

Ош облусунда ФТТда ар түрдүү усулдар тууралуу билимдин жетишсиздигинен тышкары, мамлекеттен жардам берилбей жаткандыгы да талкууланды. Дыйканчылык, малчылык менен жашаган айылдыктар өздөрүнүн муктаждыктарына өкмөт жергиликтүү да, улуттук да деңгээлдерде көңүл бурбай жатат деп эсептешет. Алар ошондой эле кандай субсидияларды алууга умтулса болорун да билишпейт.

### 3.4 Киреше алуу

Изилдөөгө катышуучу айылдардын үй чарбаларында айыл чарба ишмердигинен башталып, туризм тармагы менен аяктаган киреше алуунун бир нече булагы бар. Мындай кырдаал өз алдынча кайсы бир ишмердиктен түшкөн киреше турмуш-тиричиликтин негизги деңгээлин кармап турууга жетишсиз экендигинен улам пайда болгон. Төмөндө келтирилген таблица үй-бүлөлөрдүн 50 %ы кирешенин бирден ашык булагына, ал эми кээ бирлери кирешенин төрт булагына чейин ээ экендигин көрсөтөт.

*8-таблица: Үй-бүлөдөгү киреше булактарынын саны*

| Облус | Айыл | 1 киреше булагы | 2 киреше булагы | 3 киреше булагы | 4 киреше булагы |
|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 13 % | 63 % | 12 % | 12 % |
| Чүй | Дөң-Арык | 14 % | 33 % | 38 % | 14 % |
| Чүй | Новопокровка | 29 % | 29 % | 33 % | 10 % |
| Чүй | Первомайск | 100 % | | | |
| Чүй | Красная Речка | 33 % | 48 % | 19 % | |
| Чүй | Романовка | 100 % | | | |
| Чүй | Шопоков | 71 % | 29 % | | |
| Чүй | Сай | 39 % | 33 % | 22 % | 6 % |
| Ош | Ылай-Талаа | 36 % | 46 % | 18 % | |
| Ош | Жаркыштак | 4 % | 54 % | 25 % | 17 % |
| Ош | Найман | 56 % | 44 % | | |

Тургундардын басымдуу бөлүгү Кыргызстандын түндүгү менен түштүгүнүн ортосунда анча айырмалана бербеген бирден экиге чейинки жалуун (оклад) алышат. Ошентсе да, түндүктө үй чарбаларынын көпчүлүгү төрт жалуун алышат.

Иш табуунун кыйындыган жана айлык акынын аздыгынан көп кишилер өздөрү жашаган аймактан сырткары жактардан жумуш издешет. Жалпысынан, суралгандардын 20 %ынын үй-бүлө мүчөлөрү өз аймагынан сырткарыда иштейт.

Кемүү тартибинде санаганда, кирешелүү ишмердиктин өтө кеңири таралган түрлөрү мал чарбачылык, айлык акы, өсүмдүк өстүрүүдөн алынган азыктар жана пенсия болуп эсептелет. Ылай-Талаа айылынан бир үй-бүлө мергенчилик менен алектенсе, дагы бир катышуучу насыя берүү ишмердиги менен шугулданат. Найман айылынан бир үй-бүлө кыш тизип киреше табат. Киреше алуунун бөлөк формалары бирден ашык үй чарбада кездешет. Бардык эле айылдардын кээ бир тургундары айлык акылуу жумуштарда иштейт. Туризм жана соода менен өлкөнүн түндүгүндөгү гана айылдардын жашоочулары алектенишет.

Айыл тургундары айыл чарба ишмердигинен тышкары киреше алып келүүчү, өз ишин каржылоонун ар түрдүү булактарына да ээ (ишмердиктин бул түрү айыл чарбасына арналган бапта талкууланган). Түндүк тарапта киреше келтирүүчү ишмердиктин бир кыйласы үнөмдөлгөн жана топтолгон акча менен каржыланат. Ал эми түштүктө болсо, эреже катары, каржылоонун негизги булагы жеке каражаттары жана үнөмдөлгөн каражаттары болуп саналат.

Түндүктө дагы, түштүктө дагы тургундардын басымдуу бөлүгү чакан каржы уюмдары аркылуу насыядан пайдалана алышат. Түндүктө суралгандардын көпчүлүк бөлүгү банктардан насыя ала тургандыгы белгилүү болду. Түштүктө банктардан насыя алуу сейрек учурайт, бирок БӨУлардан субсидия алгандар көп.

Суралгандардын 28и насыя алуу кыйын деп эсептейт. Мунун себептери - суралгандар насыя берүүчү мекемелерден өтө алыс жашагандыгы, насыяны кайтара албайбыз деп чочулагандыгы. Эки үй-бүлө документтерди тариздөөдөгү көйгөйлөрдү белгилешти; пайыздын жогорулугу жана кирешелердин аздыгы менен бир катарда насыя саясаты да көйгөй катары аталды. Катышуучулардын 63 %ынын ушул учурда эч кандай насыя милдеттенмеси жок. Жоюла элек насыясы бар калган 37 %ы 0 %дан 50 %га чейинки ар түрдүү пайыздарды төлөшөт. Эң кеңири

таралган пайыздык коюм 7 %, экинчи орундагысы – 24 %. Үй-бүлөлөр чакан насыяларды ар түрдүү себептерден улам: атап айтканда, соода-сатык үчүн, кийим-кече алууга, үй курууга, мал жана айыл чарба каражаттарын, жабдууларды сатып алууга, саламаттыкты сактоого, билим алууга жана кышка көмүр сатып алууга жумшоо үчүн алат.

ФТТ учурунда киреше алуу жаатындагы негизги көйгөйлөрдүн катарында Кыргызстандын түштүгүндөгү олуттуу маселе катары жаштар арасындагы жумушсуздук да сөзгө алынды. Мунун айынан жаштар жумуш издеп кошуна мамлекеттерге барышат, бирок өз үй-бүлөлөрүнө жардам берүүгө жетерлик киреше таба алышпайт. Жумушсуздуктун кесепетинен көпчүлүк жаштар арак ичe баштайт же уурулукту үйрөнөт. Көбүнесе айылдык кыздар жаш эле туруп турмуш курууга мажбур, аларды ала качышат, же кулчулукка сатып жибериштери да мүмкүн. Бул көйгөйлөргө аздыр-көптүр жакырчылык да себеп болууда.

Ысык-Көл облусунан суралгандар ишмердиктин жетерлик кирешелүү ар кайсы түрлөрү менен алектенүү жана коопсуздук менен эмгек шарттарынын жакшыртуу зарылдыгын белгилешти. Мындан тышкары, көпчүлүк эмгек мигранттарынын укуктары бузулган жагдайлар кездешет.

Анүстүнө социалдык камсыздоонун өлчөмү өтө аз. Аялдар айылда бала бакчаларды ачуу алар үчүн көп мүмкүнчүлүктөрдү жаратарын белгилешти; бул аялдар азыркы учурда үй ишин да, коомдук кызматты да (же айлык акы төлөнгөн жумушту) аткарып, эки жүктү аркалап келе жаткандыгы, бирок кирешелеринин деңгээли өтө төмөн экендиги менен түшүндүрүлөт.

Калыгул (Чүй облусу) айылында эркектерге салыштырганда ишке орношкон аялдар көп, эреже катары, эркектер чет өлкөлөргө мезгилдик иштерге гана барышат. Ошого карабастан аялдар эркектерге караганда аз табышат.

## 3.5 Суу, санитария жана гигиена (ССГ)

### 3.5.1 Суунун жеткиликтүүлүгү

Айыл тургундары үй чарбалары үчүн суунун ар кандай булактарын пайдаланышат. Ал булактар төмөнкү таблицада келтирилген.

*8-таблица: «Үй-бүлөңүздө суунун кайсы булагын падаланасыз?» - деген суроого жооптор:*

| Облус | Айыл | Борбордук суу түтүгү | Көчөдөгү коомдук суу чорго | Бургуланып жер астынан чыккан суу | Казылган кудук | Дарыянын суусу же сугат суу | Ташылып келинген суу | Дагы башка |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 75 % | 25 % | | | | | |
| Чүй | Дөң-Арык | 19 % | 76 % | | | | 5 % | |
| Чүй | Новопокровка | 100 % | | 30 % | 15 % | 5 % | | |
| Чүй | Первомайск | 100 % | | | | | | |
| Чүй | Красная Речка | 85 % | 5 % | 20 % | | | | |
| Чүй | Романовка | | | 100 % | | | | |
| Чүй | Шопоков | 65 % | | 35 % | | | | |
| Чүй | Сай | | 79 % | | | 42 % | | |
| Ош | Ылай-Талаа | 4 % | 96 % | | | 4 % | | |
| Ош | Жаркыштак | 17 % | 54 % | | | 33 % | | |
| Ош | Найман | 16 % | 79 % | | | 68 % | | 5 % |

Эскертүү: суралуучу бир нече варианты белгилеши мүмкүн, демек, сумма 100 %дан көп болушу ыктымал.

Кыргызстандын түндүгүндө жашаган тургундардын басымдуу бөлүгүндө борборлошкон суу түтүктөрү бар. Ал эми түштүктө негизинен көчөлөрдөгү суу чорголорунан, сугат суудан, борборлошкон суу түтүктөрүнөн суу алышат.

Сандык маалыматтар көрсөткөндөй, өз үйлөрүндө агын суудан күнү-түнү пайдалана алган үй чарбалары аз (үй чарбалардын 33 %ы). Таблицада айыл тургундары үчүн суунун жеткиликтүүлүгү боюнча маалыматтар келтирилди.

Суу жеткиликтүү болгон учурларда деле, басымынын аздыгы маселе жаратат. Таблицага киргизилбеген Сай айылындагы бир үйдүн ичинде суу болгону менен, басымынын аздыгынан жетиштүү өлчөмдө алууга болбостугу айтылды.

*9-таблица: «Сиздин үйүңүздө суу менен камсыздоо тутуму канчалык ишеничтүү?» - деген суроого жооп*

| Облус | Айыл | суткасына 24 саат бою | Күнүнө эки жолу беш сааттан көбүрөөк | Күнүнө эки жолу беш саатка чейин | Күнүнө бир жолу эки сааттан аз | Үйдө суу жок | Билбейм |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 75 % | | | | 25 % | |
| Чүй | Дөң-Арык | 25 % | | | | 60 % | 15 % |
| Чүй | Новопокровка | 100 % | | | | | |
| Чүй | Первомайск | 100 % | | | | | |
| Чүй | Красная Речка | 44 % | | 39 % | | | 17 % |
| Чүй | Романовка | | | | | 100 % | |
| Чүй | Шопоков | 71 % | 6 % | 6 % | | 18 % | |
| Чүй | Сай | | | 75 % | 25 % | | |
| Ош | Ылай-Талаа | | | 100 % | | | |
| Ош | Жаркыштак | | | 100 % | | | |
| Ош | Найман | | | | | 63 % | 38 % |

Сууга барганга жумшалуучу убакыт өлкөнүн ар кайсы аймактарында бир кыйла айырмаланат. Түндүктө суу үйдө бар болгондуктан, көпчүлүк тургундар аны ташып келишпейт; түштүктө он беш мүнөттөн азыраак убактысын суу алып келгенге жумшашат.


Ылай-Талаа айылында (Ош Облусу) үй-бүлөлөрдүн көбү сууга 15 мүнөттөн 1 саатка чейинки убакытта басып барышат.



*Тике турган суу чоргонун жардамында суу алуу – үй-бүлөнүн бардык мүчөлөрүнүн милдети*

Демейде сууга үй-бүлөдөн бир эле киши барбайт, төмөнкү графикте көрсөтүлгөндөй, бул ишке көп адам катышат.

*2-сүрөт: «Сиздердин үй-бүлөдө сууга ким барат?» - деген суроого жооп:*




ФТТда айтылгандай, көп учурда тургундарда суу жок болуп калат. Суу түтүктөр электр кубаты менен иштегендиктен, жарык өчкөндө суу токтоп калат. Кыш айларында суу куурлары тоңуп, кээде жарылып кеткендиктен, суу жылчып ага баштайт. Бул суунун андан бетер тартыштыгына алып келет. Ушул көйгөйлөрдүн айынан тургундар сууну кошуна айылдардан же арыктардан (сугат каналдарынан) алууга аргасыз болушат. Куурлардан сызылып чыккан суудан майда кир көлчүктөр пайда болот. Мисалы, Акөлөң айылында суу түтүгү сынып жарылып, үч айыл суу чоргодон суу иче албай калган.

Суунун тартыштыгы техногендик маселелер менен да байланышкан. Чүй облусунун тургундары сууга жетүүгө жемкорлук тоскоол болуп жатат деп эсептешет. Сууну бөлүштүрүү коррупциялашкан, анткени суу бөлүштүрүү үчүн жооптуу конкреттүү кишилер биринчи кезекте сууну өздөрүнүн достору менен үй-бүлөсүнө берет. Мындан тышкары жергиликтүү КТСКБлар натыйжасыз иштейт. Анүстүнө фермерлер сууну натыйжалуу пайдаланышпайт, ал эми суу талаштын айынан жалпы камсыздоо (мунун ичинде сугат да) үзгүлтүккө учурайт.



*ССГ үчүн кол жуугучу бар боз үй*

### 3.5.2 Суунун сапаты

Суунун сапатсыздыгы өлкөнүн түштүк дагы, түндүк дагы региондорунун тургундары үчүн чоң көйгөй болуп эсептелет; жашоочулар өздөрү ичип жаткан суунун текшерилер-текшерилбесин көбүнчө билишпейт. Суу бөлүштүрүү тутумун эксплуатациялоо жана техникалык тейлөө жетишпегендиктен, суунун сапатына элдин басымдуу бөлүгү ишене бербейт.

Түндүктө дагы, түштүктө дагы кырдаал окшош, суунун сапаты же текшерилбейт, же айыл тургундары мындай текшерүүнүн жүргүзүлөрүн билишпейт. Жалпылап айтканда, айыл тургундарынын 45 %ы өздөрү пайдаланган суунун сапаты текшерүүдөн өтөр-өтпөсү жөнүндө кабардар эмес. Суунун сапатынын 11 %ы болбоду дегенде жылына бир жолу көзөмөлдөнөт, ал эми 34 %ы такыр көзөмөлдөнбөйт.

10-таблицада көрсөтүлгөндөй, суралгандардын 28 %ын гана керектелип жаткан суунун сапаты толук канааттандырат. Түндүктө кырдаал жакшыраак, анткени тургундардын басымдуу бөлүгүн суунун сапаты канааттандырат же толук канааттандырат, бирок бир катар жакшыртуу иштерин жүргүзүү зарыл деп эсептешет. Бир гана Дөң-Арык айылында жагдай башкача. Кыргызстандын түштүгүндөгү айыл тургундарынын пикирлеринде «толук канааттандырарлыктан» баштап, «толук канааттандырарлык эмеске» чейин бир топ айырмачылык бар.

*10-таблица: «Сиз суунун сапатына канчалык канааттанасыз?» - деген суроого жооп:*

| Облус | Айыл | Толук канааттанам | Канааттанам, бирок жакшыртуу иштерин жүргүзүү зарыл | Канааттанбайм | Такыр канааттанбайм | Билбейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 25 % | 75 % | | | |
| Чүй | Дөң-Арык | | 5 % | 11 % | 84 % | |
| Чүй | Новопокровка | 33 % | 29 % | | | 38 % |
| Чүй | Первомайск | 100 % | | | | |
| Чүй | Красная Речка | 30 % | 55 % | 10 % | | 5 % |
| Чүй | Романовка | | 100 % | | | |
| Чүй | Шопоков | 53 % | 47 % | | | |
| Чүй | Сай | 22 % | 28 % | 11 % | | 39 % |
| Ош | Ылай-Талаа | 56 % | 40 % | 4 % | | |
| Ош | Жаркыштак | 14 % | 43 % | 33 % | 10 % | |
| Ош | Найман | 6 % | 56 % | 22 % | 17 % | |

ФТТда аныкталгандай, Чүй жана Ош облустарынын тургундары ичип жаткан суунун сапаты начар. Мисалы, Чүй облусунун айрым тургундары ичер суудан кызыл жана сары курттарды табышкан. Суунун сапатынын начардыгы суу бөлүштүрүү үчүн колдонуучу түтүктөрдүн өтө эскиргендиги жана аларда ар түрдүү мителердин пайда болгондугу менен түшүндүрүлөт. Калыгул айылында (Ысык-Көл облусу) суу түтүктөр совет мезгилинен бери техникалык тейлөөдөн өткөн эмес. Аталган сууну санитардык жактан текшерүү суу алуучу бекеттерде жылына бир жолу гана жүргүзүлөт. Суунун сапатын так жана ырааттуу текшерүү үчүн бул жетишсиздик кылат.

Ноокат районунда (Ош облусу) тургундар таза суунун жоктугун негизги көйгөйлөрдүн бири катары белгилешти. Айылдыктардын сөзүнө караганда, таза суу менен камсыз кылууга жоопту компания муну орундоого кудуретсиз. Таза суу көйгөйүнө байланыштуу аялдар менен кыздар жергиликтүү дарыядан таза суу алуу үчүн эки чакырым жол жүрүшөт.


### 3.5.3 Санитария

Айылдардагы тургундардын басымдуу бөлүгү (79 %) короодо жайгашкан ажатканаларды пайдаланышат. Алар тууралуу сандык маалымат 11-таблицада берилген. Короодогу ажатканалар же желдеткичтүү жакшыртылган ажатканалар (VIP) эреже катары үйдүн сыртында курулса, ал эми агызма ажатканалар имараттын ичинде жайгашат. Түштүктөгү суралгандардын эч кимисинин агызма ажатканасы жок, ал эми түндүк айылдарында агызма ажатканалуу бир нече үй-бүлө бар. Бөкөнбаев айылдагы бир үй чарбасында бөлүктүү, кургак ажатканасы (UDDT) бар.

*11-таблица: «Сиздин үйүңүздө кандай ажаткана бар?» - деген суроого жооп:*

| Облус | Айыл | Агызма жана септикалык чуңкуру бар ажаткана | Агызма жана канализациясы бар ажаткана | Агызма, бирок канализациясыз ажаткана | Короодогу ажаткана | UDDT | VIP |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 25 % | | | 63 % | 13 % | |
| Чүй | Дөң-Арык | | | | 86 % | | 14 % |
| Чүй | Новопокровка | 15 % | 5 % | | 70 % | | 10 % |
| Чүй | Первомайск | | | | 100 % | | |
| Чүй | Красная Речка | | | | 90 % | | 10 % |
| Чүй | Романовка | | | | 100 % | | |
| Чүй | Шопоков | 12 % | 29 % | | 53 % | | 6 % |
| Чүй | Сай | | | | 95 % | | 5 % |
| Ош | Ылай-Талаа | | | | 100 % | | |
| Ош | Жаркыштак | | | 29 % | 71 % | | |
| Ош | Найман | | | | 61 % | | 39 % |

*3-сүрөт: «Сиздин ажаткана үйүңүздөн канчалык алыстыкта жайгашкан?» - деген суроого жооп:*




Көпчүлүк үй чарбалардын ажатканалары үйдөн он-отуз метр алыс жайгашкан. Катышуучулардын 5 %ынын ажатканасы гана үйдүн ичинде орун алган; булар баягы эле агызма ажатканасы бар үйлөр. Үй чарбаларынын 25 %ынын ажатканалары үйдөн отуз метрден алыс жайгашкан. Өлкөнүн түндүгү менен түштүгүндөгү көрүнүш бирдей эле.

*13-таблица: «Сиз ажатканаңызга канааттанасызбы?» - деген суроого жооп:*

| Облус | Айыл | Толук канааттанам | Канааттанам бирок толук эмес | Канааттанбайм | Такыр канааттанбайм | Билбейм |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Ысык-Көл | Бөкөнбаев | 38 % | | 50 % | 13 % | |
| Чүй | Дөң-Арык | 5 % | 14 % | 76 % | 5 % | |
| Чүй | Новопокровка | 20 % | 10 % | 35 % | 25 % | 10 % |
| Чүй | Первомайск | | 100 % | | | |
| Чүй | Красная Речка | 40 % | 25 % | 20 % | 15 % | |
| Чүй | Романовка | | 100 % | | | |
| Чүй | Шопоков | 76 % | 6 % | 6 % | 12 % | |
| Чүй | Сай | 11 % | 17 % | 67 % | | 6 % |
| Ош | Ылай-Талаа | 27 % | 73 % | | | |
| Ош | Жаркыштак | 4 % | 58 % | 33 % | 4 % | |
| Ош | Найман | | 11 % | 42 % | 47 % | |

Айыл тургундарынын 22 %ын ажатканалары толук канаатандырат, 29 %ын канааттандырат, бирок алар жакшырткысы келген жагдайлар бар. Түндүктө дагы, түштүктө дагы ар бир айылдагы үй чарбалары ажатканаларына канааттана тургандыктарын билдиришти, бирок алар жакшырткысы келген нерселер бар. Айыл тургундарынын 73 %ы ЭКОСАН же UDDT тибиндеги ажаткана куруу үчүн пайыздык үстөгү азыраак чакан насыя алгылары келерин айтышты.

ФТТ учурунда короодогу ажатканалардын желдеткичи дагы, жарыгы дагы, кол жуугучу дагы жок экендиги белгилүү болду. Короодогу ажатканалар толгончо пайдаланыла берет, толгондон кийин, топурак менен көмүп салышып, башка жерден казышат. Үйдүн ичиндеги агызма ажатканалар совет мезгилинде курулган; канализациялык тутум кароосуз калгандыктан, агынды суулар туш келген жакка кетет. Эки тутум тең жакшы эмес деп бааланды, анткени аларда гигиена менен калктын саламаттыгын сактоонун тийиштүү шарттары жок болуп чыкты. Кээ бир айылдарда ФТТнын катышуулары мектептеги ажатканаларда да тазалыктын сакталбагандыгына даттанышты.



*Экосан ажатканасынын жанында турган кыз*

### 3.5.4 Гигиена

Кыргызстандын түндүгүндөгү дагы, түштүгүндөгү дагы айылдарынын көпчүлүк тургундарында стационардык кол жуугучтар жок. Атап айтканда, жалпы эсеп менен тургундардын 82 %ында кол жуугучтары жок. Ал эми айрымдарда (18 %) кол жуугуч болсо да, аны пайдаланууга мүмкүн болбогон учурлар көп кездешет. Суралгандардын 57 %ында душу же мончосу жок болуп чыкты. 25 %ында мончосу бар, бул көрсөткүч түндүк үчүн дагы, түштүк үчүн дагы бирдей. 9 %ында душу бар, булар негизинен түндүктүктөр. Түштүктөгү тургундардын аз эле бөлүгүндө душу бар – алар Ылай-Талаа айылынын жашоочулары. 10 %ында душу да, мончосу да бар.

**Аялдар менен кыздардын гигиена маселелери**

Аялдар менен кыздардын этек кири келген учурда санитария айрыкча зарыл. Айызы келгенде айрым аялдар менен кыздар гигиеналык атайын кыстарманы колдонот, бирок эреже катары, көпчүлүгү койгучтар кымбат тургандыгына байланыштуу тигүү дүкөндөрүнөн алышкан кездеме кыйкымдарын пайдаланышат. Кээ бир кыздар айыл жеринде кыстарма сатып алууда көйгөй жарала тургандыгын айтышты (негизги себеби – акчанын жетишсиздиги).

ФТТда этек кир, кыздардын тукум улоочулук ден соолугу тууралуу билимдердин жетишсиздиги жөнүндө айтылды. Ошондой эле аялдар айылдагы ажатканалардын бири да этек кир келген учур үчүн далдааланган эместигин белгилешти.

Мектептердин ажатканаларында этек кир учурунда зарыл болгон кыздар үчүн тийиштүү шарттар жок. Жергиликтүү бийликтегилер мектептердин тийиштүү санитардык шарттарын жакшыртууга кам көрүшпөйт.

Ош облусунун ФТТ катышуулары ажатканага киргенден кийин жана тамак жасаар алдында колду жууштун мааниси тууралуу жакшы кабардар экен. Алар антисанитардык шарттарга байланыштуу ичеги-карын оорулары жайылышы мүмкүн экендигин билишет. Бирок айылдык райондордун тургундарында имараттын ичинде кол жуугуч жок болгондуктан, алар колдорун сырта жууганга мажбур. Ошол эле суралгандар таза жана жылуу суу колдонуу үчүн үйлөрүндө суу жылыткыч болушун каалашатын айтышты.

Айрым айылдарда таштандыларды чогултуу тутумунун жоктугу тазалык жаатындагы олуттуу маселе болуп саналат. Тургундар тамаркаларынын четине таштанды үчүн чуңкур казышат же короодогу ажатканаларын таштанды таштоо үчүн пайдаланышат.



*Айылдык мектептин кыздары*



*Талаадагы тажрыйба алмашуу*

# 4. Корутунду

Жыйынтыктар көрсөткөндөй, Кыргызстандын түндүгүндөгү дагы, түштүгүндөгү дагы айылдарынын муктаждыктары менен көйгөйлөрүндө окшоштуктар да, айырмачылыктар да бар. Жалпылыктар гендерлик теңдик менен айыл чарба жаатындагы маселелерге тиешелүү. Ошол эле учурда, түндүк менен түштүктөгү ишмердиктин кирешелүү түрлөрүндө айырмачылыктар бар. Анүстүнө өлкөнүн түштүгүнө караганда, түндүк айыл жашоочуларынын ССГ шарттары жакшы.

Сапаттык маалыматтар гендер жана чечимдерди кабыл алуу маселесине карата ар кайсы айылдардагы көз караштар ар түрдүү экендигин көрсөтөт. Адатта эркектер аялдардын өз абалын жакшыртууну жана күйөөлөрү менен коомдоштуктардан жардам алууну каалай тургандыгын анча жакшы билишпейт. Дагы бир уруntуу учур – аялдарга тиешелүү маселелерди жергиликтүү бийлик дагы, эреже катары бийликте үстөмдүк кылуучу эркектер дагы этибарга албайт. Сандык маалыматтар аялдар адатта азык-түлүк сатып алууга тиешелүү чечимдерди кабыл алса, эмерек сатып алуу жана балдарды тарбиялоо жаатындагы маселелерди жубайлар чогуу чечерин көрсөтөт. Бирок ошол эле учурда көпчүлүк үй-бүлөлөрдө аялдар үй-бүлөнү багуу боюнча ачыкталбаган милдеттерди аткарууга мажбур экендиги белгилүү болду. Мисалы, көпчүлүк үй-бүлөлөрдө (айрыкча түштүк тараптагы) аялдар талаадагы тажатма, оор жумуштарды иштейт (адатта эң оор милдет – чөп отоо), бирок айыл чарбадан түшкөн кирешенин баары эркектердин колуна тиет.

Айыл чарбасына тиешелүү жыйынтыктар көрсөткөндөй, ишмердиктин бул тармагында киреше алуу үчүн бөгөт болгон бир катар көйгөйлөр бар. Көпчүлүк айылдардагы сугат суунун, айыл чарба техникасынын жана технологиялардын, кампа имараттарынын, жер семирткичтер менен билимдердин жоктугу өтө орчундуу маселе катары келтирилет. Фермерлердин өндүргөн азыктарын сактоочу кампалары жок болгондуктан, продукцияларын ортомчуларга алар үчүн утуштуу баада сатып жиберишет, анткени кокус түшүмүн жоготуп алса, дыйкан андан да көп акчасынан айрылат. Айыл тургундарында өндүргөн азыгын акыркы керектөөчүнүн өзүнө сатууга тоскоол болгон унаа көйгөйү бар. Фермерлер өздөрүнүн айыл чарбасын иштетүү боюнча усулдарын жакшыртуу үчүн жаңы көндүмдөрдү, усулдар менен технологияларды өздөштүрүүгө да умтулушат.

Аялдардын айыл чарба иштерине катышуусунда өлкөнүн түндүгү менен түштүгүндө айырмачылыктар бар. Алсак, өлкөнүн түндүгүндө аялдар тамарка же үйлөрдүн жанындагы мөмө-жемиш бактары үчүн көбүрөөк жоопту болсо, эркектер талаачылык иштерди аткарышат. Түштүктө болсо, аялдар бардык талаа жумуштарына жоопту болушат. Мунун себеби, түндүктө үй-бүлөлөргө ири жер участкалары (ар бир бүлөгө 5 га чейин) бөлүнүп берилсе, түштүктөгү жер участкаларынын анча чоң эмести (1 га чейин). Демек, айыл чарба жумуштарынын көбү аялдардын күчү менен аткарылат.

Бардык айылдарда кирешелүү ишмердиктин өтө кеңири таралган түрү мал чарбачылык, айлык акы, өсүмдүк өстүрүүдөн алынган азыктар жана пенсия болуп эсептелет. Бардык айылдардын кээ бир тургундарында айлык акы ала турган жумуштары бар. Туризм жана соода менен өлкөнүн түндүгүндөгү гана айылдардын жашоочулары алектенишет. Түндүк тарапта, киреше келтирүүчү иштин бир кыйласын үнөмдөлгөн жана которулган акча менен каржыланат. Ал эми түштүктө болсо, эреже катары, каржылоонун негизги булагы өздүк каражаттар жана үнөмдөлгөн акча болуп саналат. Негизинен өздүк каражаттар жана үнөмдөлгөн акча кайсы бир мүчөсү алыска кетип иштеген үй-бүлөлөрдө бар. Кыргызстандын эмгек мигранттарынын негизги багыттары Россия, Казакстан жана Бишкек болуп саналат. Эрезеге жеткен кыздар жакшы киреше табуу үчүн да, билим алуу максатында да жана эрте никеге туруу сыяктуу салттардан качуу үчүн да четке кетип жатышат. Бирок бардык мигранттар өз үй-бүлөлөрүн каржы жагынан колдоп турат жана үй-бүлөлөр бул акчаны айыл чарба ишмердигине же кирешелүү бөлөк иштерге жумшайт.

Түндүктө дагы, түштүктө дагы тургундардын басымдуу бөлүгү чакан каржы уюмдары аркылуу насыядан пайдалана алышат. Бирок көбүнесе пайыздык коюмдар өтө жогору болгондуктан, баары эле насыя ала албайт. Түндүктө суралгандардын көпчүлүгү банктардан насыя аларын айтышты. Түштүктө банктардан насыя алуу сейрек учурайт, бирок БӨУлардан субсидия алгандар көп.

Бул талдоодо каралган соңку чоң тема ССГ болуп эсептелет. Кыргызстандын түндүгүндө жашаган калктын басымдуу бөлүгүндө борборлошкон суу түтүктөрү бар. Ал эми Кыргызстандын түштүгүндө өтө кеңири таралган суунун булагы көчөлөрдөгү коомдук суу чорголор, сугат суусу жана борборлошкон суу түтүктөр болуп эсептелет. Борборлошкон суу менен камсыз кылуу түштүккө караганда түндүктө бир кыйла жеткиликтүү. Бирок борборлошкон суу түтүктүн болгондугуна карабастан, сапаттык маалыматтар көрсөткөндөй, бул суунун сапаты ичкенге жарайт же суу түтүктүн суусу үйлөргө келиши үчүн суунун басымы жетерлик дегенди билдирбейт. Эреже катары, аталган маселе түндүк айылдарга салыштырмалуу түштүк айылдарда кеңири таралган. ССГнын тийиштүү шарттарынын жоктугу айыл жеринде жашаган аялдардын билим берүү жана ишмердик сыяктуу киреше келтирүүчү бөлөк иштер менен алектенишине бөгөт болуп, аларга катуу таасир этет.

Базистик изилдөөлөр WECF өнөктөш уюмдарга айыл жериндеги аялдар туш болгон орчундуу маселелерди аныктоого, альтернативдүү чечимдерди жана аялдардын дареметин өстүрүү жаатындагы керектөөлөрдү талкуулоого мүмкүндүк берди. Ошентип, ар бир өнөктөш уюм айыл жеринде жашаган аялдардын кызыкчылыктарына жооп кылуу жана айыл жериндеги аялдардын мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү боюнча ишмердиктин жекече пландарын иштеп чыкты.

Ошондуктан Кыргызстанда иш алып баруу үчүн EWA программасынын алкагында төмөнкү максаттык компоненттер тандап алынды:

**Жергиликтүү деңгээлде:**

- Аялдарды лидерликке окуттуу: айыл жериндеги аялдар үй-бүлөдө жана коомдо бир кыйла жоопкерчиликтүү орунду ээлөө үчүн дареметти өстүрүү максатында лидерликке окушат.
- Гендерлик теңсиздик тууралуу кабардарлыкты жакшыртуу жана чечимдерди табуу максатында коомдоштуктардын мүчөлөрү үчүн гендер темасындагы тренингдер.
- Айыл чарбасын колдоо: айыл чарба усулдары жаатында даремет жаратуу, мисалы, мөмө-жемиштерди кайра иштетүү, өз ара жардам үчүн аялдардын фермерлик топторун уюштуруу.
- Киреше келтирүү: бизнес-план түзүүгө колдоо көрсөтүү, аялдардын расмий бизнеси менен байланыш түзүү.
- Каржылоонун жеткиликтүүгү: аялдарга пайыздык үстөгү төмөн болгон чакан насыя берүү жана акча каражаттарын сактоо боюнча топторду түзүү.
- Азык-түлүк коопсуздугу жана жөнөкөй технологияларды пайдалануу менен мөмө-жемиштерди сактоо (мисалы, күнгө кургатуу, химиялык жер семирткичтердин ордуна органикалык жер семирткичтерди колдонуу) боюнча тренинг өткөрүү.
- ССГ шарттарын жакшыртуу: коопсуз суу жана санитария боюнча пландарды киргизүү, жаштар менен коомдоштуктарды тартуу.
- Коомдоштуктардын деңгээлинде таза суу пайдалануучулардын бирикмесинин (КТСКБ) аялдарын тескөө үчүн дареметти өстүрүү.

**Регионалдык деңгээлде:**

- Аялдардын БӨУлары жана бийликтин жергиликтүү органдары жаатында лидерликке окутуу.

**Улуттук деңгээлде:**

- Айыл жеринде ССГны жакшыртуу саясаты боюнча сунуштарды иштеп чыгуу.
- Кабардарлыкты жакшыртуу жана гендерлик теңсиздикти жоюу боюнча чечимдерди иштеп чыгуу.
- Аялдардын кесипкөй эксперттик тобун жана аялдардын парламенттик тобун түзүү.

**WECF Нидерландия**

Korte Elisabethstraat 6
NL - 3511 JG, Utrecht
Phone: +31-30-2310300
Fax: +31-30-2340878

**WECF Германия**

St.-Jakobs-Platz 10
D - 80331 Munich
Phone: +49-89-23239380
Fax: +49-89-232393811

**WECF Франция**

Cité de la SolidaritéInternationale
13 avenue Emile Zola
F - 74100 Annemasse
Phone: + 33 (0) 450 834 810